**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2026-жылдын 24-апрели № 138 Бишкек ш.

**Аймактык институттардын структурасын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-сентябрындагы №256 «Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-декабрындагы №826 «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 13-январындагы №06 «Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин кайра уюштуруу жөнүндө», Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2026-жылдын 19-январындагы №7 буйруктарына, университеттин Көзөмөлчүлүк кеңешинин чечимдерине ылайык (2026-жылдын 27-февралындагы №1 протоколу) **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине** (мындан ары – КУУ) Баткен мамлекеттик университети, Талас мамлекеттик университети жана Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети кошулгандыгына байланыштуу, аймактардагы билим берүү ишмердүүлүгүн системалуу уюштуруу, башкаруунун натыйжалуулугун камсыз кылуу, кошулган жогорку окуу жайлардын материалдык-техникалык, кадрдык жана билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн бирдиктүү түзүмдө сактоо, өнүктүрүү максатында жана Баткен, Талас, Нарын мамлекеттик университеттери мекемелерин КУУга кошуу жолу менен кайра түзүү процедураларын ишке ашыруу үчүн түзүлгөн **комиссиянын негиздеме-маалымкатынын** негизинде **буйрук кылам:**

I. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин 2026-жылдын 13-апрелиндеги №124 "Аймактык институттардын структурасын бекитүү жөнүндө" буйругу күчүн жоготту делип эсептелинсин.

II. Мурунку Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин базасында **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын аймактык көп тармактуу институту түзүлсүн** жана төмөндөгүдөй структурасы бекитилсин:

- Агрардык-техникалык факультет;

- Экономика жана табигый-гуманитардык факультет;
- Педагогика жана филология факультети;
- Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжи;
- Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу борбору.
- Автомектеп.

III. Мурунку Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Агрардык, техникалык-экономикалык колледжи **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарындагы агрардык, техникалык-экономикалык колледжи болуп кайра түзүлсүн.**

IV. Мурунку Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Кадырбай Мамбетакунов атындагы педагогикалык колледжи **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Нарындагы Кадырбай Мамбетакунов атындагы педагогикалык колледжи болуп кайра түзүлсүн.**

V. Мурунку Талас мамлекеттик университетинин базасында **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Талас аймактык көп тармактуу институту түзүлсүн** жана төмөндөгүдөй жаңы структурасы бекитилсин:

- мурунку Гуманитардык-юридикалык институту Гуманитардык-юридикалык факультетине өзгөртүлсүн;
- мурунку Педагогика жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу институту Педагогика жана мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу факультетине өзгөртүлсүн;
- мурунку Маалыматтык технологиялар, техника жана экономика институту Маалыматтык технологиялар, техника жана экономика факультетине өзгөртүлсүн;
- мурунку Агробизнес, биоэкология жана туризм институту Агробизнес, биоэкология жана туризм факультетине өзгөртүлсүн.

VI. Мурунку Баткен мамлекеттик университетинин базасында **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткен аймактык коп тармактуу институту түзүлсүн** жана төмөндөгүдөй жаңы структурасы бекитилсин:

- Табигый, гуманитардык жана педагогикалык факультети;
- "Баткен Ыйман" окуу-тарбия комплекси.

VII. Мурунку Баткен мамлекеттик университетинин көп тармактуу колледжи **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Баткендеги көп тармактуу колледжи болуп кайра түзүлсүн.**

VIII. Мурунку Баткен мамлекеттик университетинин А.А.Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтутунун базасында **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сүлүктүдөгү А.А. Машрабов атындагы гуманитардык-экономикалык институту түзүлсүн** жана төмөндөгүдөй жаңы структурасы бекитилсин:

- Гуманитардык-экономикалык факультети;
- Орто кесиптик билим берүү бөлүмү;

- Медициналык колледжи;
- "Сүлүктү Ыйман" окуу- тарбия комплекси.

IX. Мурунку Баткен мамлекеттик университетинин Педагогика жана коммуникациялар колледжи **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Сүлүктүдөгү педагогика жана коммуникациялар колледжи болуп кайра түзүлсүн.**

X. Мурунку Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институтунун базасында **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кызыл-Кыядагы технология, экономика жана укук институту түзүлсүн** жана төмөндөгүдөй жаңы структурасы бекитилсин:

- Экономика, педагогика жана инженердик технологиялар факультети;
- Орто кесиптик билим берүү бөлүмү.

XI. Мурунку Баткен мамлекеттик университетинин М.М. Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун базасында **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кызыл-Кыядагы М.М. Тайиров атындагы гуманитардык-педагогикалык институту түзүлсүн** жана төмөндөгүдөй жаңы структурасы бекитилсин:

- Табигый илимдер жана дене тарбия факультети;
- Педагогика факультети;
- Гуманитардык факультети;
- Орто кесиптик билим берүү бөлүмү;
- "Кызыл-Кыя Ыйман" окуу-тарбия комплекси.

XII. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 38-беренесинин 1-пунктунун негизинде кызматкерлер менен эмгек келишимдери бузулаарына байланыштуу төмөндөгү кызмат орундары жоюлсун:

Талас мамлекеттик университети:

- ректор - 1.0 шт.б.;
- окуу жана илимий иштер боюнча проректор - 1.0 шт.б.;
- мамлекеттик тил, инфраструктураны өнүктүрүү жана эл аралык байланыштар боюнча проректору - 1.0 шт.б.

Баткен мамлекеттик университети:

- ректор -1.0 шт.б.;
- окуу иштери боюнча проректору -1.0 шт.б.

С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети:

- ректор -1.0 шт.б.;
- окуу иштери боюнча проректор -1.0 шт.б.;
- илим жана инвестицияларды тартуу боюнча проректор -1.0 шт.б.;
- мамлекеттик тил жана жаштар саясаты боюнча проректор-1.0 шт.б.;
- инфраструктураны өнүктүрүү боюнча проректор -1.0 шт.б.

**XIII.** Пландоо-финансы бөлүмү Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин структурасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.

**XIV**. Бул буйрук менен кызыкдар тарапты маалымдоо жалпы бөлүмгө тапшырылсын.

**XV**. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Ректор** **Д.Т. Чонтоев**

Макулдашылды:

Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиев

Аймактык маселелер боюнча проректор К.Ж.Базакеева

Административдик-чарба иштери боюнча проректор Б.К. Айтахунов

Юридика бөлүмүнүн башчысы Р.К. Токтоналиев

Жалпы бөлүмдүн башчысы Э.К. Турдуманбетова